# Резюме

Кадыров Турдумамат Дыйканбаевич 1957-жылы 10-майда Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районуна караштуу Жаш-Ленин айылында төрөлгөн. 1975- жылы орто мектепти бүтүрүп, Кызыл Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1980-жылга чейин Фрунзе колхозунда колхозчу, 1980-1985-жылдары Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарых факультетинин студенти, 1985-жылы Ош совхоз техникумунда окутуучу, 1986-жылдан бери Ош МУда окутуучу, улук окутуучу, доцент, профессор, кафедра башчысы, тарых факультетинин деканы, Ош МУнун биринчи проректору, ал эми азыркы мезгилде жалпы тарых жана ТОУ кафедрасынын башчысы кызматтарында эмгектенүүдө.

Тарых факультетинин деканы, андан кийин эл аралык мамилелер факультетинин деканы болуп иштеген учурда бир топ адистиктер ачылган, студенттердин саны көбөйгөн, окутуунун сапаты жакшырган. Факультеттин бир нече окутуучулары илимдин кандидаты, доктору болушуна салымын кошкон. Ал эми Ош МУнун биринчи проректору кызматында үзүрлүү эмгектенип, университеттин ичиндеги ынтымакты чыңдаган, окуу процессинде модулдукрейтинг системасын жайылтууга көп аракет жасаган. Окутуучулардын илимий ийгиликтерине салым кошкон. Учурда жалпы тарых жана ТОУ кафедрасында окутуучулардын илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүүдө, окуутуунун жаңы системасына өтүүдө иш-аракеттер алгылыктуу болууда.

Эл агартуунун мыктысы (2001-ж.), Ош мэриясынын Ардак грамотасы (2005-ж.), Ош МУнун Ардак грамотасы (2001-ж.), Ош облусттук администрациясынын Ардак грамотасы (2007-ж.), КРнын Жогорку кеңешинин Ардак грамоталарынын (2021-ж.) ээси. КР нын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын чечими менен “ПРОФЕССОР” окумуштуулук наамы ыйгарылган. (2023-жыл 26- октябрь)

Көптөгөн илимий жана практикалык конференцияларга катышкан жана уюштурган. 2001-жылы Кыргыз мамлекетүүлүгүнүн 2200 жылдыгына карата “Жаш окумуштуулардын жана студенттердин форумун” ийгиликтүү өткөргөн.

Кадыров Т. Ош МУда окутуучу болуп иштөө менен бирге 100 дон ашуун илимий макалаларды, усулдук колдонмолорду, окуу китептерди жана монографияларды жарыкка чыгарган.

**Негизги илимий эмгектери:**

ОшМУНнун тарыхы. Ош, 2000.- 260 б.

1. Кыргызстандын тарыхынын барактарынан. Ош, 2004.-125 б., окуу китеби.
2. Борбордук Азиянын тарыхы. Ош, 2007.-270 б., лекциялар курсу. I том.
3. Борбордук Азиянын тарыхы. Ош, 2012.-243 б., лекциялар курсу.II том.

4. СНГнын тарыхы. Ош, 2009. -195 б., окуу китеби.